**2013-жылдын 16-майындагы № 70 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

# 2012-жылдын 4-декабрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан карыз алуучу катары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана кредитор катары Кытайдын Экспорт-импорттук банкынын ортосундагы Кыргыз Республикасында автожолдордун эки участогун реабилитациялоо долбоору боюнча Жеңилдетилген кредиттик макулдашууну ратификациялоо жөнүндө

2013-жылдын 25-апрелинде

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене**. 2012-жылдын 4-декабрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан карыз алуучу катары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана кредитор катары Кытайдын Экспорт-импорттук банкынын ортосундагы Кыргыз Республикасында автожолдордун эки участогун реабилитациялоо долбоору боюнча Жеңилдетилген кредиттик макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги кытайлык тарапка жогоруда көрсөтүлгөн Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн мамлекет ичиндеги зарыл болгон жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө маалымдасын.

**3-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**